МАКУЛДАШЫЛДЫ
Кочкор райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы ____________________
У. Н. Өзүбеков
06.09.2018.

БЕКИТЕМ
Шарыпбек Абдылдаев атындагы орто мектебинин директору ____________________
Т. У. Исаев
05.09.2018.

# Шарыпбек Абдылдаев атындагы орто мектебинин 2018-2023-жылдарына карата өнүктүрүүнүн стратегиялык программасы

Мектептин өнүктүрүүнүн стратегиялык программасы мектептин билим берүү системасына, материалдык-техникалык базасына заманбап талаптарды аныктоочу,Педкеңеш тарабынан кабыл алынган ченемдик — укуктук жана уюштуруучулук негиз болуп саналат.

Программанын максаты — мектепте билим берүүнү өнүктүрүүнүн жалпы стратегиясын, мектептин билим берүү чөйрөсүндөгү ролун жана ордун аныктоо, мектептин билим берүү системасын жалпы билим берүү системасынын деңгээлинде коомдук жана инсандык муктаждыктарды адекваттык абалга келтирүү.

Мектептин өнүктүрүү программасы ттөмөндөгүлөрдүн негизинде түзүлдү:

Мектептин миссиясы: **Учурдун талабына ылайык сапатуу окутуп-тарбиялоону турмуш менен айкалыштыруу, этнопедагогика аркылуу улуттук каада-салтты жайылтуу, сабактарды тереңдетилген тандоо багытында окутууну демократиялаштыруу.**

Билим берүүнү өнүктүрүүнүн жана МТБ чындоодо мамлекттик артыкчылыктары боюнча фундаменталдык документтерди изилдөө

- Микросоциумдардын абалына жана суроо талаптарына мониторинг жүргүзүү. Программаны жазууга чейинки мезгилдеги педагогикалык жамааттын иштеринин натыйжалары жана программаны ишке ашыруунун жүрүшүндө педагогикалык жамаатта болгон өзгөрүүлөр Шарыпбек Абдылдаев атындагы орто мектебинин өнүктүрүү программасын иштеп чыгуу учун ченемдик-укуктук негиздер болуп төмөндөгүлөр саналат.
- Кыргыз Республикасынын Конституциясы
- Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамы.
- Кыргыз Республикасынын «Мугалимдердин статусу жөнүндөгү» мыйзамы.
- Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдору, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин буйруктары.
- Жалпы билим берүү уюму жөнүндө типтүү ЖОБО.

Өнүктүрүү программасын ишке ашыруу максатында төмөнкү милдеттерди чечүү каралган:

1.Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдоруна ылайык окуу-тарбия иштеринин сапаттарын учурдун талабына ылайык жакшыртуу, талаптагыдай билим берүүгө жетишүү, билим сапатынын эффективдүүлүгүн жогорулатуу, мугалимдердин кызмат ордун толуктоо.

2. Мектептин жаңы имаратын курулушун уланттырууга жетишүү;

3.Кыргыз Республикасынын Билим берүү мыйзамын (30.04.2003), Өкмөттүк программаларды, мектеп реформасы боюнча башталгыч класстын кабыл алынган жаңы стандарты, кабыл алынган иш-чаралары менен айкалыштырып кабыл алуу, практикалаштыруу. Мектепке жаңы идеяларды жана аракеттерди колдонууга педагогикалык ишмердүүлүктөрдү өстүрүү, окутуунун алдыңкы ыкмаларын пайдаланууга кадам артынан кадам, сапаттуу билим, бирге окуйбуз, интерактивдүү окутуу, сынчыл ой жүгүртүү программаларынын алкагында иш жүргүзүү.

4.Мектепте мугалимдердин өз денгээлинде эмгектенүүсүн, окуучулардын сапаттуу билим, татыктуу тарбия алуусуна, жөндөмдүү окуучулар менен иштөөсүнө шарт түзүү;

а) залдарды, кабинеттерди, усулдук бурчтарды тийиштүү материалдар менен толук жабдып, сабактарда колдоно билүү;

б) олимпиадалык резерв түзүү;

5. Ар бир предметтик мугалимдерди компьютерде иштөөсүнө жана үйрөнүүсүнө шарт түзүп берүүгө жетишүү (график боюнча)

6.Окуучулардын алган теориялык билимдерин турмуш менен байланыштырып жана айкалыштырып сабактын бардык формаларын интерактивдүү усулдарын пайдаланып, кеңири эффективдүү жана сапаттуу билим берүүчү сабактардын өтүлүшүнө жетишүү, окуучулардын билим сапатын жогорулатуу үстүндө план түзүп иштөө;

7.Окуучулардын билим сапатынын жогору болуусуна жетишүү, окуучулар арасында предметтик олимпиадаларды өткөрүү жана көндүмдөргө ээ кылуу;

8.Окуу жана эмгек тартибин сактоо, окуучулардын коллективинде өзүн-өзү башкаруунун негизинде жигердүүлүгүн күчөтүү билимдерин чыныгы баалоо менен формалдуулукка жол бербөө;

9.Мектепке окуучуларды толук тартуу жана ата-энелер менен байланышты чыңдоо.

10.Окуучуларды окутуп-тарбиялоодо мектептин, үй-бүлөөнүн, коомчулуктун ишмердүүлүктөрүн координациялоо.

11.ЖРТ тесттерине катышкан окуучулардын санын көбөйтүү жана жогорку көрсөткүчтөргө жетишүү;

12.Гуманитардык сабактарды окутууда улуттук каада-салт, санжыра, мурас, окутуп үйрөтүү, өзгөчө Манас таанууга, эмгек сабагында улуттук кол өнөрчүлүккө көңүл буруу аркылуу элдик педагогиканы жайылтуу:

а) Манас таануу конкурсуна катышуу;

13.Мектептеги усулдук бирикмелердин, кружоктордун иштерин жаңы типте түзүү жана алардын өз убагында өткөрүлүп туруусуна, балдардын предметтен сырткаркы кругозорун кеңейтүүгө жетишүү;

14.Чыгармачылык менен иштеген мугалимдердин тобунун ишин жакшыртуу, тажрыйбасын кеңири жайылтуу, чеберчилик жана ишмердиктерин өнүктүрүү, "Мыкты класс", "Мыкты мугалим", "Мыкты окуучу", "Мыкты кабинет" номинациясындагы кароо-сынактарды уюштуруу;

15.Билим берүү жөнүндөгү мыйзамдардын долбоорлору менен таанышуу, талкуулоого активдүү катышуу. «Мугалимдер статусу жөнүндө» (1.01.2001) мугалимдер, коомчулук арасында турмушка ашыруу боюнча ишти жетекчиликке алуу;

16.Жаш кадрларды колдоо, тарбиялоо жана өстүрүү иштерин жүргүзүү;

17.Мугалимдердин билимдерин жогорулатуу;

18.Мамлекеттик символикаларды окуучулардын арасында маанисин түшүндүрүү жана аларды урматтоосуна жетишүү;

19. Окуучулардын билим сапаттарын бардык сабактары боюнча тест менен аныктоого жетишүү;

20. Балдар- өспүрүмдөр уюмунун ишин чыңдоо жана өнүктүрүү, окуучулардын өз алдынча проект жазып ишке ашыруусуна көмөк көрсөтүү, семинар-тренинг сабактарына катышуусуна өбөлгө түзүү;

21.Окуучулар арасында ар кандай кароо-сынактарды, иш-чараларды өткөрүү жана жайылтуу

22. Балдарды атуулдук жоопкерчиликке, мекенчилдикке, ыймандуулукка тарбиялоо, сарамжалдуу болууга үйрөтүү, ал боюнча багыт берүү;

23. Окуучулардын ден соолугун чыңдоо.

24. Окуучуларга кесипке багыт берүүдө жогорку окуу жайлар менен байланышты түзүү.

25. «Тынчтык корпусу», «ЮНИСЕФ», «БУУ ДАТП», ж.б. уюмдар менен байланышты түзүү, жарыяланган кароо-сынагына катышуу.

26. Жалпы мектептин ата-энелердин жыйналышын дайыма өткөрүп туруу жана мектеп менен ата-энелердин ортосундагы байланышты чыңдоо;

27. Ата-энелерди мектепке көбүрөөк тартуу, коомдук иштерди биргелешип аткарууга жетишүү;

28. Камкорчулук кеңештин ишин жакшыртуу;

29. Мектептин китеп фондусун көбөйтүү, спонсордук китеп алуу иштерин аткарууга жетишүү;

30. Мектептин базасын кеңейтүүгө, чыңдоо максатында өкмөттүк эмес уюмдар менен иш алып баруу, проектилердин үстүндө иштөө.

31. Мектептеги финансы иштериндеги тартип бузуучулукка жол бербөө, так иш алып барууга жетишүү;

32. Ички жана сырткы санитардык абалын жакшыртуу, санитардык нормалардын сакталышына жетишүү;

33. Коопсуздук техникасынын жана өрт коопсуздугунун эрежелинин сакталышына дайыма көзөмөл жүргүзүү;

34.Физикалык жактан дени сак инсандарды калыптандыруу;

## Мектептин 2018-2019-окуу жылына карата SWOT анализи

| | |
|---|---|
| **S (күчтүү)** | -жогорку билимдүү кадрлардын жетиштүүлүгү;<br>өрөөндүк олимпиадаларда окуучулардын байгелүү орундарды ээлеши;<br>-Манас таануу боюнча команданын болушу |

| | |
|---|---|
| **W**<br>**(начар)** | -техникалык каражаттардын начардыгы (компьютер ж.б. эски, аздыгы);<br>-олимпиадалардан райондук, областык турга аз кана окуучунун катышуусу, республикалык турларга катышпоо, "Алтын тамга" аттестатына татыксыздык;<br>-ата-энелердин мектеп менен байланышынын начардыгы;<br>-окутуу-тарбиялоо ишиндеги жаңы маалыматтардын, жаңы окуу китептердин, методикалык адабияттардын жетишсиздиги;<br>-ата-энелердин социалдык абалы;<br>-окуучунун китепти аз окуусу;<br>-көмөкчү чарбанын жоктугу;<br>- волонтёрдун мектепте жоктугу |
| **O**<br>**(мүмкүнчүлүктөр)** | - кружок иштерин жандандыруу;<br>-ЖРТ, олимпиадаларга даярдоо курстарын уюштуруу<br>-БӨУ менен байланышты чыңдоо, проектилер, чет өлкөлүк донорлор менен иштеп мектептин материалдык базасын чыңдоо:<br>а) мектептин жаңы имаратын курдуруу<br>б) ата-энелер менен иш алып барууну жакшыртуу; |
| **T**<br>**(коркунуч)** | -окуучулардын сабактарга кызыгуусунун жоктугу, кайдыгерлиги;<br>-окуучулардын аздыгы;<br>-жумушсуздуктун айынан окуучулардын социалдык абалынын начарлашы;<br>-мектептин имаратынын эскилиги, типтүү эместиги.<br>-ата-энелердин мектепке көз карашынын начардыгы;<br>-микроучастоктогу окуучулардын башка мектептерге кетиши; |

## I. Мектепке чейинки даярдоо

| № | Милдеттер | Индикатордун аталышы | Мөөнөтү | Жооптуулар | Каржылоо булактары |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Балдарды мектепке чейинки окутуу үчүн класстарды даярдоо | Класстагы окуучуларын санына жараша парталар менен камсыздоо (жаш өзгөчөлөгүнө жараша парталар) | Жыл сайын | Мектептин администрациясы, мугалимдер | Республикалык бюджет, эл аралык долбоорлор |
| 2 | Класстык бөлмөрдү учурдун талабына ылайык жабдуу | Усулдук колдонмолор, окуу китептери, өнүктүрүүчү оюндар жана демонстрациялык каражаттар | Дайыма | Мектеп жетекчилиги, мугалимдер | Спонсорлор, кабинет башчылар, предметник мугалимдер |
| 3 | Мектепке чейинки даярдоо боюнча программаны ишке ашыруу | Мектепке чейинки даярдоо программасы | Жыл сайына | Даярдоо классынын мугалими | Республикалык бюджет |
| 4 | Мектепке чейинки даярдоо боюнча мугалимдерди даярдоо курстарынан жана окутуучу тренингдердерге катышуу | Курстардан өтүү жөнүндө ОУБББ, РайБББ буйруктары | Дайыма | Мектеп жетекчилиги, мугалимдер | Республикалык бюджет, донорлор |

## II. Билим берүү, усулдук иштерди өнүктүрүү

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Базистик окуу планын аткаруу | Базистик окуу планын мектептин инсанга багытталган билим | 2018-2023 | Мектеп жетекчилиги, мугалимдер | Республикалык бюджет |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | берүүнүн максаттарына жооп бере тургандай окутуунун натыйжалуу усулдарын өздөштүрүү аркылуу окучуулардын билимге болгон керектөөлөрүнө шарт түзүү | | | |
| 2 | Мугалимдердин кесиптик өнүгүүсү | Мугалимдердин кесиптик жакка тынымсыз өнүгүүсүнө шарт тузуу (курстар, семиналар, диспуттар, тренингдер) | Дайыма | ОУБББ, РайБББ, Мектеп администрациясы мугалимдер | Республикалык бюджет, донорлор |
| 3 | Окуучунун инсандык өнүгүүсү | Окуучунун инсандык өнүгүүсунө реалдуу шарт түзүүчү ыкмаларды пайдалануу | Дайыма | Мектеп жетекчилиги, предметтик мугалимдер | |
| 4 | Окуучуларжы аналитикалык тесттерге катыштыруу | Окуучулардын сабактагы жигердүүлүгүнө колдоо көрсөтүү | Дайыма | ОББ Предметтик мугалимдер | Ат-эне |
| 5 | Окуучулардын билим сапатын баалоо | Чейрек сайын предметтер боюнча билим сапатына мониторинг жүргүзүү | Чейрек сайын | ОББ Предметтик мугалимдер | |
| 6 | Талантуу шыктуу окуучулар мене иш жүргүзүү, олимпиадаларга, конкурстарга даярдоо жана катыштыруу | Кружоктордун планы, ОББ көзөмөлдөө дептери | Дайыма | Мектеп администрацисы, мугалимдер | Ата-эне |
| 7 | Сабакка жаңы | Мектептин алкагында | Дайыма | Завуч, устат | Айыл өкмөт, |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | технологияларды колдонуу | ллдынкы тажрыйба, усулдук жардамдарды кеңейтүү боюнча системалуу иш жүргүзүү | | мугалимдер | спонсорлор |
| 8 | Мектептин чыгармачыл мгалимдери менен иштөө | Мектеп чыгармачыл мугалимдеринин инновациялык иштеринин презентациясы (бенефис, илимий практика, конференция) | Дайыма | ОББ, чыгармачыл мугалимдер | Спонсорлор |
| 9 | Мугалимдердин компьютердик сабатсыздыгын жоюу боюнча иштер | Мугалимдердин компьютердик сабатсыздыгын жоюу иши боюнча иш чара иштеп чыгуу | Дайыма | Мектеп жетекчилиги, информатика мугалимдери | Мектеп жетекчилиги ресурстук борбор |
| 10 | Жаш педагогикалык кадрларга насаатчылык уюштуруу | Жаш кадрларга усулдук жардам көрсөтүү, багыт берүү максатында насаатчы мугалимдер менен иш алып баруу | Дайыма | ОББ | Мамлекеттик бюджет |

## III. Таланттуу окуучулар менен иш жүргүзүүнү өркүндөтүү

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кружок иштерин уюштуруу | Кружок санын көбөйтүү | Жыл сайын | ОББ, Кружок жетекчилери | Республикалык бюджет |
| 2 | Кружоктун алкагында илимий иштерди жүргүзүү | Кружоктор боюнча окуучулардын илимий-практикалык | Дайыма | ОББ, ТИУ, кружок жетекчилери | Спонсорлор |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | конференцияларды өтүү | | | |
| 3 | Кружок иштери | Кружокко катыша турган окуучулардын санын арттыруу | Дайыма | ОББ, ТИУ, Кружок жетекчилери | Кружок жетекчилери |
| 4 | Таланттуу балдар менен «Бий топторун түзүү», улуттук кийимдерин даярдоо | Таланттуу балдар менен Бий тобунун түзүлүшү улуттук кийимдерин даярдалышы | Жыл ичи | ТИУ, кружок жетекчиси | Ата-энелер |
| 5 | Таланттуу окуучулар менен сүрөт көргөзмөсүн уюштуруу | Сүрөт тартуу үчүн керектүү каражаттар менен камсыз кылуу | Жыл ичи | Кружок жетекчиси | Мамлекеттик бюджет, спонсорлор |

## IV. Окуучулардын окуу китептери менен камсыз кылуу

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Китепкананы китеп менен камсыздоо | Китепканадагы китептер | Дайыма | РайБББ. Мектеп администрацисы | Республикалык бюджет |
| 2 | Окуу китептеринин толукталышы | Жылына алынган окуу китептер | Дайыма | РайБББ | Республикалык бюджет |
| 3 | Окуучуларга этикалык жана руханий адептик билим берүү үчүн адабий китептер, усулдук адабияттар менен камсыз кылуу | Адабий китептер, усулдук адабияттар | 2018-2023-ж | Мектеп администрациясы | Спонсорлор |
| 4 | Окуу залын уюштуруу | Окуу кабинет | 2018-2023-ж | Мектеп жетекчилиги | Спонсорлор |

**V. Мектептин курулуш, ремонт, материалдык-техникалык базасын жана жабдылышын жакшыртуу боюнча долбоорлоп жана иш чаралар**

| № | Долбоорлор жана иш чаралар | Мөөнөтү | Уюштурууга жооптуу тарап | Талап кылынган каражаттын болжолдуу суммасы/сом | Каржы булактары |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мектептин жаңы имаратын курдуруу | 2018-2023 | -АӨ башчысы,<br>-Мектеп директору<br>-АК депутатттары | 65,000,000 | Республикалык бюджет |
| 2 | Заманбап компьютер классын уюштуруу жана үзгүлтүксүз Интернет байланышы менен камсыз кылуу | 2018-2023 | -Мектеп директору | 200 000 | Республикалык бюджет |
| 3 | Мектепке кичи футбол аянтчасын куруу | 2018-2023 | -АӨ башчысы,<br>-айыл башчысы<br>-Мектеп директору<br>-АК депутатттары | 3 млн | түрткү берчү грант (мамюджет),<br>-донор уюмдардын гранттык колдоосу,<br>-жергиликтүү бюджет |
| 4 | Мектептин видео байкоо системасын орнотуу | 2018-2023 | Мектеп директору | 100 000 | -ата-энерер<br>-жеке демөөрчүлөр |
| 5 | Көмөкчү чарба уюштуруу | 2018-2023 | А/Ө башчысы,мектеп директору, педжамаат | 50.000 | Педжамаат, ата-энелер |
| 6 | Жогорку класстын окуучуларынын жалпы кругозорун жана дүйнө-таанымын | 2018-2023 | -Мектеп директору, | 10000 | -жеке демөөрчүлөр<br>-ата-энелер |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | жогорулатууга багытталган «Бир адамдан бир китеп» долбоору, (китеп, энциклопедия, усулдук колдонмо жана журналдардан турган чакан библиотекалык бурч уюштуруу) | | -ОББ<br>-Китепканачы<br>-АК депутаттары,<br>-Ата-энелер комитети | | |
| 7 | Бшталгыч класстын окуучуларына ысык шашке тамагын уюштуруу | 2019-2020 | А/Ө башчысы, мектеп директору | 150,000 | Жергиликтүү бюджет, ДАТП БУУ, Мерсико |

## VI. Тарбиялык иштерди онүктүрүү

| № | Милдеттер | Индикатордун аталышы | Мөөнөтү | Жооптуулар | Каржылоо булактары |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Тарбияга оорчулук келтирген окуучуларды коомдук иштерге тартуу, кружок иштерине тартуу | Тарбияга оорчулук келтирген окуучулар менен иш жүргүзүп, ийгиликтүү окуучуга жетиштирүү | Дайыма | Мектеп жетекчилиги, соц .педагог, класс жетекчилер | |
| 2 | Ата-энелердин жоопкерчилигин көтөрүү максатында иштерди уюштуруу | Ата-энелердин жоопкерчилигин көтөрүү, натыйжада мектепке 70% тартуу | Дайыма | Мектеп жетекчилиги, класс жетекчилер | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 3 | Өспүрүмдөр арасында кылмыштуулуктун алдын максатында иштерди күчөтүү | Өспурүдөр арасында кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча Ички иштер бөлүмүнүн кызматкерлери менен иш алып барууну күчөтүү | Дайыма | ТИУ, соц педагог, класс жетекчилер | |
| 4 | Микроучастоктор боюнча иш алып баруу | Социалды камкордукка, жардамга муктаж, тоголок жетим жана толук эмес үй бүлөлөрдү анализдеп чыгуу | Дайыма | Соц педагог,класс жетекчилер | |

## VII. Инклюзивдик окутуу

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Инклюзивдик окутууга муктаждарды окууга тартуу | Инклюзивдик окутууга карата микроучастокто иш жүргүүзү, окуучуларды тактоо | Дайыма | Микроучатокторго бөлүнгөн мугалимдер, завучтар | |

## VIII. Ата-энелер жана коомчулук менен иштөө

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Окуу жылынын негизги милдеттери менен ата-энелерди тааныштыруу | Ата-энелер менен биргеликте иш жүргүзүү | Жыл сайын | Мектеп жетекчилиги | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 2 | Окутуу жана тарбиялоонун биримдигин арттыруу максатында мектептин, үй бүлөөнүн, коомчулуктун, тыгыз байланышын камсыз кылуу | Ата-энелер жана коомчулукту мектеп менен тыгыз байланышын күчөтүү | Дайыма | Директор, ТИУ | |
| 3 | Ата-энелер күнүн уюштуруу | Ата-энелерди сабакка катыштыруу, жолугушууларды уюштуруу | График боюнча | ОББ,ТИУ | Мамлекетгик бюджет |
| 4 | Тарбиялануучуга татаал, материалдык жардамга муктаж окуучулар жана алардын ата-энелери менен бирдикте иш алып баруу | Тарбиясы оор балдар менен ата-эне менен биргеликте суйлөшүүлөрдү жүргүзүү, жардам берүү | Керек учурда | Соц педагог ТИУ | |
| 5 | Окуучулардын бош убактыларын туура пайдаланышына ата-энелерге багыт берүү жана бигелешип иштөө | Бош убактыларын туура пайдалануу үчүн ата-энелер менен биргеликте ар кандай иш чараларды уюштуруу | дайыма | ТИУ,,Класс жетекчилер | Демөөрчүлөр |
| 7 | Жугуштуу ооруларды болтурбоо максатында Түшүндүрүү иштерин жүргүзүү | Өздүк гигиенаны сактоо боюнча ар кандай иш чараларды уюштуруу | дайыма | ТИУ,класс жетекчилер | Мамлекеттик бюджет |
| 8 | Ата-энелерди мектептин окуу тарбия иштерине көмөк көрсөтүүгө тартуу | Мектепке кемек керсеткен ата-энелер менен тыкыз иш алып баруу | дайыма | Директор ТИУ | Спонсорлор |

## IX. Балдардын билим денгээлин жогорулатуу, окуучулардын ар тараптан өнүгүүсүнө шыктандыруу боюнча иш чаралар:

| № | Долбоорлор жана иш чаралар | Мөөнөтү | Уюштурууга жооптуу тарап | Талап кылынган каражаттын болжолдуу суммасы/сом | Каржы булактары |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мектеп жетекчилигин жана мугалимдерди башка ийгиликтүү мектептерге тажрыйба алмашууга байма-бай жиберип туруу. Тажрыйба алмашууну салтка айландыруу | 2018-2023 | -Мектеп директору | | -донор уюмдардын гранттык колдоосу; демөөрчүлөр |
| 2 | Жаш жана тажрыйбасы аз мугалимдерди калификациясын жогорулатуу боюнча атайын курстарга жиберип туруу | 2018-2023 | -Мектеп директору<br>-ОББ | | |
| 3 | Мугалимдерге стимул берүүчү ар кандай сынактарды уюшуруу, алдыңкы жана өзгөчөлөнгөн мугалимдерге кызыктыруучу белектерди ыйгаруу, материалдык колдоо көрсөтүү | 2018-2023 | -Мектеп директору | | жергиликтүү бюджет, демөөрчүлөр |
| 4 | Окуудагы, чыгармачылыктагы жана спорттогу жогорку жетишкендиктери, мектептин жана айылдын коомдук иштериндеги активдүүлүгү үчүн окуучуларга атайын стипинедияларды уюштуруу | 2018-2023 | | 20.000 сомдон | Көмөкчү чарба |
| 5 | Мугалим сабак өтүүдөгү иновациялык техникалык каражаттар менен камсыз кылуу | 2018-2023 | | 150000 | Республикалык, жергиликтүү бюджеттер |
| 6 | Жыл сайын белгилүү инсандарды катыштыруу менен жогорку класстын окуучуларына мотвациялык жана кесиптик багыт берүү боюнча жолугушууларды жана лекцияларды уюштуруу | 2018-2023 | -Мектеп директору<br>-АК депутатттары | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | -Ата-энелер комитети<br>-АӨ башчысы | | |
| 7 | Окуучулардын белгилүү бир предметтер боюнча билимин жана жалпы кругозорун жогорулатуу боюнча атайын класстар аралык сынактарды демилгелөө жана ага активдүү катыштыруу | 2018-2023 | -Мектеп директору<br>-ОББ<br>-ТИУ<br>-Ата-энелер комитети<br>-класс жетекчилер | 20000 сомдон | -Көмөкчү чарба<br>-демөөрчүлөр |
| 8 | Мектеп окуучулардын район, облус, республикалык деңгээлдеги жана эл аралык иш чараларга, экскурсияларга катыштыруу | 2018-2023 | -Мектеп директору<br>-ОББ<br>-Ата-энелер комитети<br>-ТИУ | | |